Бекитилди
«Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын
Башкы директору тарабынан
2025-жылдын 01-июлунда

2023-жылдын 10-январында бекитилген Кредиттик келишим түзүүгө карата Ачык офертага 2025-жылдын 01-июлундагы Кошумча макулдашуу

Бул Кошумча макулдашуу (мындан ары – «Макулдашуу») 2023-жылдын 10-январында бекитилген, жеке жактарга багытталган жана Кыргыз Республикасы-нын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, «Акча Булак» микрокредиттик компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары – Кредитор) мурда түзүлгөн Кредиттик келишимди өзгөртүүгө сунушу болуп саналган Кредиттик келишим түзүүгө карата Ачык офертанын (мындан ары – «Оферта») ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул Макулдашуу Кредитордун бекитилген өнүмдүк линейкасына ылайык «Айлыкка чейин» кредиттик өнүмү боюнча (мындан ары – «Айлыкка чейин» кредиттик өнүмү) берилген колдонуудагы кредиттер боюнча түзүлгөн кредиттик келишимдердин алкагында пайыздык чендердин шарттарын 2025-жылдын 01-июлунан тартып мезгилде өзгөртүүгө багытталган. Бул Макулдашуу Кредитордун https://www.akchabulak.kg расмий сайтына (мындан ары – Сайт) жайгаштырылууга тийиш жана мурда Офертаны кабыл алган, «Айлыкка чейин» кредиттик өнүмү боюнча жогоруда көрсөтүлгөн мезгилде берилген колдонуудагы кредиттери бар бардык Карыз алуучуларга карата колдонулат.

1. Пайыздык чендердин шарттарын өзгөртүү

1.1. Ушул Макулдашуунун шарттарына ылайык, 2025-жылдын 01-июлунан тартып мезгилде «Айлыкка чейин» кредиттик өнүмү боюнча берилген колдонуудагы кредиттерге карата колдонулуучу пайыздык чендер Кредитордун Сайтында жарыяланган «Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн Тарифтерине жана шарттарына ылайык азаюу жагына өзгөртүлүүгө тийиш жана 2025-жылдын 01-июлунан тартып күчүнө кирет.

1.2. Жаңыланган пайыздык чендер 2025-жылдын 01-июлунан тартып мезгилде Офертаны кабыл алган, Офертанын шарттары аларга терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон Карыз алуучуларды кошпогондо, «Айлыкка чейин» кредиттик өнүмү боюнча колдонуудагы кредиттери бар бардык Карыз алуучуларга карата Офертаны кабыл алуу жөнүндө жоопту (акцепти) өзгөртүүгө кошумча макулдашууну түзүү зарылдыгысыз колдонулат, анда «Айлыкка чейин» кредиттик өнүмү боюнча кредиттин жеке шарттары көрсөтүлгөн жана 2025-жылдын 01-июлунан тартып күчүнө кирет. 2025-жылдын 01-июлунан тартып мезгилде берилген колдонуудагы кредиттер боюнча пайыздар Кредитордун Сайтында жарыяланган жана 2025-жылдын 01-июлунан тартып күчүнө кирген «Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн Тарифтери жана шарттары менен бекитилген пайыздык ченге ылайык эсептелүүгө тийиш. Көрсөтүлгөн

кредиттер боюнча пайыздык ченди кайра эсептөө Кредитор тарабынан 2025-жылдын 07-июлунан кечиктирилбестен жүргүзүлөт.

2. Карыз алуучуларга кабарлоо тартиби жана алардын макулдугу

2.1. Бул Макулдашуу Кредитордун расмий Сайтына жарыяланган учурдан тартып Карыз алуучулар Офертанын шарттарынын өзгөргөндүгү жөнүндө кабарланды деп эсептелет. Өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийин Карыз алуучунун кредиттик каражаттарды колдонуп баштаганы Карыз алуучунун өзгөртүүлөрдү кабыл алганынын тастыктоосу болуп саналат.

3. Башка шарттар

3.1. Бул Макулдашуу Кредитордун расмий Сайтына жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет жана Офертанын негизинде түзүлгөн кредиттик келишимдер боюнча милдеттенмелер толук аткарылганга чейин колдонулат.

3.2. Ушул Макулдашууда көрсөтүлбөгөн Офертанын бардык башка шарттары күчүндө калат жана Тараптар үчүн милдеттүү болуп саналат.

4. Корутунду жоболор

4.1. Бул Макулдашууну Кредитордун сайтына жайгаштыруу Карыз алуучуларга өзгөртүүлөр киргизилгендиги жөнүндө тиешелүү түрдө кабарлоо болуп эсептелет.

Бул Макулдашуу кредиттик келишимдин бөлүгү болуп саналат жана Офертанын алкагында жана шарттарында колдонулат.